Эскертме шайлоочуларды Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө негизги шайлоо укуктары, шайлоо процессинин бардык катышуучулары аткара турган негизги жол—жоболор менен жалпыга түшүнуктүү формада тааныштырат. Бул басылма жаш шайлоочуларды алардын шайлоо укуктары менен тааныштырат, алдыдагы президенттик шайлоодо жооптуу тандоо жасоого жардам берет. Окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналган.

Кыргыз Республикасынын Борборшайлоокомунун алдындагы Шайлоо технологияларынын борбору, "Полис" шайлоо системаларын иликтөө жана колдоо борбору АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча Агентствосу (ЮСАИД) финансылоочу Эл аралык шайлоо системалар фондуна "Жаш шайлоочу үчүн эскертмени" даярдоодо көрсөткөн жардамы үчүн терең ыраазылык билдирет.

МАЗМУНУ

1. Баш сөз 4
2. Шайлоо деген эмне? 5
3. Биз кимди шайлайбыз? 7
4. Шайлоо өткөрүүнүн жол—жобосу 8
5. Добуш берүү жол-жобосу 13
6. Шайлоонун жыйынтыктары 15
7. Шайлоого эмне үчүн катышуу керек? 16

Баш сөз

Ошентип, Сиз 18 жашка толдунуз. Өмүрдүн ушунча кыска убактысынын ичинде Сиз бир нече жолу тандоо жүргүзгөн чыгарсыз. Бирок бүгүн Сиз өлкөдөгү эң негизги окуяга — мамлекет башчысын — Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого катышуу укугуна ээ болуп олтурасыз. Демек, Сиз мамлекетибиздин бийлик органдарын түзүүгө түздөн-түз катышуу мүмкүнчүлүгүн алдыңыз.

Кыргызстан — суверендүү, демократиялуу республика. Шайлоо — мамлекеттик бийлик органдарын түзүүнүн эң демократиялуу ыкмасы.

Демократия — бул:

- элдик бийлик;
- башкарылуучулар менен макулдашууга негизделген өкмөт;
- көпчүлүктүн эрежеси;
- адамдын негизги укуктарын гарантиялоо;
- азчылыктын укугу;
- эркин жана адилет шайлоолор;
- мыйзам алдында бардыгынын тендиги
- Өкмөттү конституциялык чектөөлөр;
- социалдык, экономикалык жана саясий плюрализм;
- сабырдуулук, прагматизм, кызматташтык жана келишүүчүлүк

Жогоруда аталган белгилердин ар бирине өзүнчө китепче арноого болор эле. Бирок биз Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун босогосунда турабыз жана биздин башкы максат — шайлоо укугу, ошондуктан биз мындан ары эркин, адилет, ак ниет жана ачык шайлоолор деген түшүнүктөргө көбүрөөк токтолобуз, ал эми калган белгилерге кыскача түшүндүрмө берип кетебиз.

Мыйзам алдында бардыгынын тендиги. Мында сөз Президент менен катардагы кызматчы, башкаруучу партия менен балдар бакчасы, ири финансист менен пенсионер, кубаттуу өнөр жай концерни менен жөнөкөй уста мыйзам алдында бирдей дегенди билдирет. Мындай принципти бузуунун "кеңири таанылган" ыкмалары бар, аларга: "телефон чалуу", сатып алуу жана опузалоо кирет. Укуктук мамлекетте аларга каршы күрөшүү кыйла ийгиликтүү жүрөт

Сот ишин адилеттүү жүргүзүү. Сот ишинин чыныгы адилеттүүлүгүнө жетишүү тийиштүү мыйзамдар тартипке салынып, судьялардын чыныгы көз карандысыздыгы жана кол тийбестиги, күбөлөрдүн коопсуздугу, соттун өкүмүн, чечимин жана аныктамаларын так жана өз убагында аткаруу камсыз кылынганда гана жетишилет.

Өкмөттү конституциялык жол менен чектөө. Мында кеп Өкмөттүн коом үчүн пайдалуу чечимдерди турмушка ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кысуу, "анын колун байлоо" жөнүндө эмес, негизинен кезектеги шайлоодо утулуп калган саясий оппоненттердин таламдарын кысымга алуу, өзүм билемдик актыларын жасоо укугунан ажыратуу жөнүндө жүрүп жатат.

Социалдык, экономикалык жана саясий плюрализм. Мында негизги басым иш-аракеттин, позициялардын, көз караштардын, чечимдердин жана башкалардын көп түрдүүлүгүн укуктук жактан гарантиялоого жасалат. Саясий-укуктук принцип катары плюрализм социалдык организмдин көп түрдүүлүгүн, пикирлердин, көз караштардын, сунуштардын төмөнтөн жогору карай чыгышын, аларды жалпы мамлекеттик саясатка айландырууну камсыз кылат. Мунун натыйжасында кыйла натыйжалуу, пайдалуу, келечектүү нерсени сунуш кылгандар жеңишке жетишет. Мындай жаңылыктар жана чечимдер улам бекемделип, жалпынын кенчине айланып, акыр аягында коомдук турмуштун ар кандай жактарын өркүндөтүүгө шарт түзөт.

24

Шайлоо деген эмне?

Биз жаштайыбыздан карыганга чейин ар дайым тандоонун алдында турабыз. Бүтүндөй адамзат же жеке адам дал ушундай тандоонун алдында турат. Шайлоо деген эмне? Бул оюнбу же терең ойлонулган аракетби? Шайлоолор демократиялык мамлекеттин базалык институту болуп саналабы?

Шайлоо — бул өкмөттүн элдин ишенимине жана колдоосуна ээ болуунун тарыхый тажрыйба менен таанылган ыкмасы. Шайлоо учурунда бийлик чындыгында бийлик институтундагы өз өкүлдөрүн аныктоо үчүн шайлоо участкаларына барган элге өтөт.

Шайлоого катышуу — бул ар бир бойго жеткен адамдын социалдык жоопкерчилигинин билдирилиши. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй жарандар шайлоого канчалык жигердүү жана аң-сезимдүүлүк менен катышса, өлкө экономикалык, социалдык жана маданий гүлдөп-өнүгүүгө ошончолук тез жетишет.

Эң оболу бойго жеткен жарандар шайлоо процессинин жүрүшүндө жасаган аракеттер жарандардын шайлоо укуктарынын жыйындысы катары аныкталарын билүү керек, аны жүзөгө ашыруу мамлекет тарабынан корголот жана мыйзам менен камсыз кылынат.



Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, биздин өлкөдө шайлоо жалпы, тең, тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен жүргүзүлөт. **Бул эмне дегендик?**

25

ШАЙЛОО

Жалпы шайлоо укугу: Кыргыз Республика — сынын ар бир жараны мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумдарга катышууга укуктуу

Тең шайлоо укугу: жарандардын коомдогу эзелеген ордуна карабастан алардын добуштары бирдей. Заводдун жумушчусу да, дыйкан да, базардагы сатуучу да, жана жеке ишкер, кызматкер менен жумушсуз да шайлоодо бирден гана добушка ээ болот.

Тике шайлоо укугу: ар бир шайлоочу талапкерге түздөн-түз жеке добуш берет. референдумга коюлган суроолорго өзү жооп берет. Дал ушул жерде бүтүндөй элдин жана ар бир шайлоочунун эркин эркин жана адилеттүү билдирилет. Өз добушунун укугун эч кимге, а түгүл жакын адамына да ишенип берүүгө болбойт.

Жашыруун добуш берүү шайлоочулардын пикирин эркин билдиришине кандайдыр бир контролдук кылууну жокко чыгарат: шайлоочунун тандоосун контролдоого эч кимдин укугу жок. Кимди жактап жана кимге каршы добуш бергендигин шайлоочунун өзүнөн башка эч ким билбейт.

Шайлоо учурунда добуш берүүнүн ушунчалык демократиялык шарттарына карабастан добуш берүүгө катышууга укугу жок категориядагы жарандар да бар.

Бул — сот тарабынан аракетке жөндөмсүз (психикасы бузулгандыктан) деп табылгандар жана соттун өкүмү менен эркинен ажыратуу жерлеринде кармалып тургандар кирет.

Чыныгы демократиялуу шайлоолор, булар:

- **атаандаштык шайлоолор** — бардык саясий күчтөр, бардык талапкерлер шайлоого катышууга, шайлоо алдындагы үгүт ишин жүргүзүүгө, шайлоочулардын алдында теле көрсөтүү, радио аркылуу жана басма сөздүн беттеринен чыгууга, катталууга, шайлоо бюллетендерине киргизилүүгө укуктуу;
- **мезгилдүү шайлоолор** —жетекчилер алмашылып турбаса сөзсүз келип чыгуучу бийликти ачык эле кыянаттык менен пайдаланууудан коомду арылтат. Демократиялык бийликтер шайлоочулардын эркн менен "бийликтен" четтетилиши мүмкүн экендигине баш ийүүгө тийиш;

26

- **өкүлчүлүктүү шайлоолор** — шайлоочулар көп санда катышкан шайлоолор. Андан тышкары добуш берүү процессинен расалык, улуттук, диний, жыныстык жана башка белгилери боюнча чыгарып ташталган социалдык топтор болууга тийиш эмес;
- **биротоло шайлоолор** — шайлоо учурунда бийликте тургандар үчүн канчалык "жагымсыз" болсо да шайлоонун натыйжасы (эгерде мыйзам бузуу болбосо) кайра каралбайт;
- **ачыктык жана маалымдуулук** — шайлоого талапкерлердин, алардын ишенимдүү адамдарынын, ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, анын ичинде эл аралык (чет өлкөлүк) байкоочулардын шайлоо участкаларындагы добуш берүү күнүн кошкондо шайлоо процессинин бардык стадияларына катышуусу, жалпыга маалымдоо каражаттарына шайлоо комиссиясынын чечимдерин жана добуш берүүнүн натыйжаларын милдеттүү түрдө жарыялоо менен камсыз кылынат.

Эгерде шайлоо жогоруда аталган талаптарды канааттандырбаса, анда алар символдуу мүнөзгө ээ болот, өзүнүн чыныгы маңызын жоготот жана ээнбаштыктын, диктатуранын алдында калат.

Үй—бүлөңөрдөгү улуу муундардан шайлоолор символдуу мүнөзгө ээ болгон совет мезгилинде өкүлчүлүктүү бийликти шайлоо кандай өткөндүгүн сурап көргүлө. Жарандар шайлоого барууга жана бюллетенде көрсөтүлгөн жалгыз гана талапкер үчүн добуш берүүгө милдеттүү болушкан, ал талапкерлерде альтернатива жок болучу.

Биз кимди шайлайбыз?



Эң оболу өлкөнүн Президентин.

Президент (латын тилинде — алдыда отуруучу) — республикалык башкаруу формасындагы өлкөлөрдө мамлекеттин шайлануучу башчысы. "Президент" деген түшүнүк Кыргызстанда соңку жылдарда, мамлекеттик көз карандысыздыкка жетишкенден кийин гана чыныгы маңызына ээ болду.

Президент кыйла кенири ыйгарым укуктарга ээ. Анын кыргыз элинин тарыхый салттарына таянуу менен жасаган саясатына, реформа жолу боюнча алга илгерилөөгө умтулуусуна өлкөнүн жана элдин жыргалчылыгы байланыштуу болот. Ошондуктан, Президентти шайлоо — саясий маанилүү окуя.

Кыргыз Республикасынын Президенти беш жылга шайланат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат орунуна талапкерликке ким катталышы мүмкүн?

Кыргыз Республикасынын жараны

35 жашка толгон жана 65 жаштан ашпаган

Мамлекеттик тилди билген

Көрсөтүлөр алдында Кыргызстанда кеминде 15 жыл жашаган

Өзүн жактаган шайлоочулардын кеминде 50 мин колун чогулткан;

Мыйзамда каралган шайлоо документтерин каттоо үчүн сунуш кылган

Эми, достор, шайлоонун жол–жобосу жөнүндө сүйлөшөлү

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык өлкөнүн Президентин шайлоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйыны тарабынан дайындалат

Эксперт: Шайлоону өткөрүүнүн бардык жол–жобосу шайлоо процесси деп аталат, ал ырааттуу жана логикалык жактан толук бүткөн стадиялардан турат.

Шайлоочу: Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоонун жол–жобосу эмнеден башталат?

Эксперт: Шайлоо күнүнө чейин 4 ай калганда республиканын Президентин шайлоо дайындалат.

Шайлоочу: Президентти шайлоону өткөрүү мөөнөтү ушунчалык зор мааниге ээби?

28

Эксперт: Республиканын Президентин шайлоону дайындоо мөөнөтү гана эмес, ошондой эле шайлоо процессинин жүрүшүндөгү бардык андан кийинки аракеттер да маанилүү. Так мөөнөттөрүн аныктоо шайлоого так жана план ченемдүү даярдык көрүүгө мүмкүндүк берет. Маселен, Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндөгү Кодексинде төмөнкүдөй мөөнөттөр белгиленген–райондук, шаардык шайлоо комиссияларын түзүү шайлоо дайындалгандан кийинки 10 күндүн ичинде болуп өтөт, шайлоо участкаларын түзүү шайлоо күнүнө чейин 45 календарлык күндүн ичинде, жалпынын тааныштуусу үчүн шайлоочулардын тизмесин илүү добуш берүү күнүнө чейин 15 күндөн кечиктирбестен жана дагы ушул сыяктуу.

Шайлоочу: Чындыгында, эгерде биз, азыркы шайлоочулар, биз тандап алган бийлик жүргүзүп жаткан тышкы жана ички саясатка күн сайын баа берип турсак (баалардын өсүшүнө, кылмыштуулукка каршы күрөштүн натыйжаларына, чет өлкөлөр менен карым катнаштарга көз салып турсак), демек, шайлоо бир көз ирмемге да токтобостон дайыма жүрүп турат экен да. Ал эми шайлоо дайындалган күнү биз мамлекеттеги жогорку кызмат ордуна тигил же бул талапкерди жактап түздөн–түз добуш беребиз. Биз конкреттүү шайлоолордун ортосундагы мезгилде талапкерлерге "ооба" же "жок" деп айтууга даярданабыз. Же мен туура эмес айтамынбы?

Эксперт: Сиз туура айтасыз. Шайлоо процессинин өзүндө ар кандай аракеттердин мөөнөтүн так жана кынтыксыз сактоо шайлоо процессинде зор мааниге ээ. Биз республиканын президентин шайлоо аны өткөрүүгө чейин төрт айдан кечиктирбестен жарыялана тургандыгына көнүл бөлдүк. Андан тышкары так мөөнөттөр менен төмөнкү аракеттер белгиленген.

Шайлоо комиссияларын түзүү жана анын аракеттенүү убактысы, ал эми алар өлкөнүн Президентин шайлоодо төмөнкүдөй көрсөтүлгөн:



Добуш берүү күнү шайлоо участкаларынын иштөө убактысы (ал жергиликтүү убакыт боюнча саат 7ден саат 20га чейин белгиленген.)

Добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыгын жана шайлоонун натыйжасын жарыялоого бөлүнгөн убакыт.

29

Шайлоочу: Андан кийин эмне болот?

Эксперт: Андан кийин шайлоочулардын тизмесин түзүү зарылчылыгы келип чыгат. Шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүндө активдүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын бардык жарандары (б.а. 18 жашка толгондор) киргизилет.

Шайлоочу: Башкача айтканда, шайлоого укугу барларбы?

Эксперт: Ооба, укугу барлар. Жарандардын мындай жыйындысын электорат (шайлоо корпусу) деп да аташат. Добуш берүү жана шайлоочулардын добуштарын эсептөө үчүн шайлоо участкалары түзүлөт. Шайлоочулардын тизмесин жергиликтүү бийлик органдары тарабынан берилген шайлоочулар жөнүндөгү маалыматтар боюнча участкалык шайлоо комиссиялары түзүшөт. Баса, шайлоо участкалары ар биринде 3 минден ашпаган шайлоочу болгудай кылып түзүлөт. Конкреттүү шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесине кирүү үчүн ошол участканын аймагында жашоо керек.

Шайлоочу: Эгерде кимдир бирөө кандайдыр бир себептер менен тизмеге кошулбай же анын аты же фамилиясы чаташып калса эмне болот?

Эксперт: Андай учурлар да болот. Мындай проблема чыкпас үчүн күн мурунтан өзүн шайлоочулардын тизмесинен текшерүү керек. Эгерде, Сиз шайлоочулардын тизмесинде жок болсоңуз, участкалык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылуу зарыл. Сиздин арызыңызды текшерүүгө 24 саат берилет, андан кийин комиссия Сизге жүйөөлүү жообун айтат. Эгерде жооп Сизди канааттандырбаса, аны жогору турган шайлоо комиссиясына же сотко даттанууга болот, алар аны тез арада, эң кыска мөөнөттө карооого милдеттүү.

Шайлоочулардын тизмеси менен шайлоочулардын таанышуусу үчүн участкалык шайлоо комиссиясы тизмени шайлоо участкасында добуш берүү күнүнө чейин 15 календарлык күндөн кечиктирбестен илет.

Шайлоочу: Биз шайлоо комиссиялары жөнүндө ангемелештик. Алар мамлекеттик бийлик органдары менен кандай мамиледе болушат.

Эксперт: Шайлоо комиссиялары — бул коомдук структуралар, алар өз компетенциясынын чегинде мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көз каранды эмес. Ошондуктан шайлоо процессинде шайлоо комиссиялары негизги ролду ойнойт. Дал ошолор Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын коргоону камсыз кылат.

Шайлоочу: Комиссиядагы бардык негизги маселелерди анын төрагасы чечсе керек?

Эксперт: Жок. Шайлоо комиссиясынын иши коллегиялуу негизде жүргүзүлөт — бул башынан эле демократиялуу орган. Анда бардык чечимдер көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Комиссиянын жыйналышында чечим кабыл алуу үчүн чечүүчү добушу бар анын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү чогулууга тийиш.

Ошондой эле "Шайлоо жөнүндө Кодекс" бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын курамына өз өкүлдөрүн комиссиянын кеңеш берүүчү добуш укугу бар мүчөөрүн дайындоого талапкерлер үчүн мүмкүнчүлүктү карай тургандыгын кошумчалоо зарыл.

Шайлоочу: Алар эмнеси менен айырмаланат?

Эксперт: Шайлоо комиссиясынын кеңеш берүү добуш укугу бар мүчөсү комиссиянын чечүүчү добуш укугу бар мүчөсү менен бирдей эле укукка ээ. Бирок, ал төмөнкүлөргө укуксуз:

- шайлоо бюллетенин берүүгө;
- шайлоо бюллетендерин сорттоого жана шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө катышууга;
- добуш берүүнүн жыйынтыгы жана шайлоонун натыйжасы жөнүндө протокол түзүүгө;
- комиссиянын жыйналышында добуш берүүгө катышууга жана шайлоо комиссиясынын чечимине кол коюуга.

Шайлоо кампаниясынын жүрүшүндөгү кийинки маанилүү этап — **талапкерлерди көрсөтүү.**

Көрсөтүүдөн кийин Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат орунуна талапкерлерди каттоо үчүн аны колдогон колтамгаларды чогултуу зарыл шарт болуп саналат. Алсак, талапкерлердин ар бири шайлоочулардын кеминде 50 миң колтамгасын чогултуугa тийиш. Мында бир областка, Бишкек шаарына колтамгалардын талап кылынган жалпы санынын кеминде 3%ти туура келүүгө тийиш.

Шайлоочу: Бул колтамагалар чогултулган баракчалардын бирине мен шайлоочу катары кол коюшумду талап кылат го?

Эксперт: Ооба, туура айтасыз. Кол коюу баракчасынын белгилүү формасы бар, анда шайлоочу фамилиясын, аты—жөнүн, туулган жылын, жашаган жеринин дарегин, кол койгон датасын жана колтамгасын жазып көрсөтөт. Бирок бул жерде айрым өзгөчөлүктөр бар. Сиз шайлоочу катары бир эле талапкерди колдоп бирден ашык кол кое албайсыз.

Антпесе, шайлоо комиссиялары кол коюу баракчаларын текшерип жаткан учурда муну билген соң, Сиздин мыйзамсыз коюлган колтамгаларыңызды жокко чыгарат. **Тиешелүү болгон 50 миң колтамга үчүн дал ушул колтамга жетпей калганын элестетип көрүңүз?**







31

Шайлоочу: Биз шайлоо алдындагы үгүткө катыша алабызбы?

Эксперт: Шайлоо жөнүндө Кодекстин 30статьясына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандарына талапкерлер сыяктуу эле үгүт иштерин эркин жүргүзүү камсыз кылынат. Сиз шайлоого катышуу үчүн үгүт жүргүзүүгө, талапкерлердин шайлоо алдындагы программаларын, алардын саясий, ишкердик, жеке сапаттарын эркин жана ар тараптан талкуулоого, ошондой эле чогулуштарда, митингилерде, жалпыга маалымдоо каражаттарында ар кандай талапкерди "жактап" же "каршы" үгүт жүргүзүүгө укуктуусуз. Мындан тышкары, Сиз талапкердин "командасына" кире жана анын гана пайдасына шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзө аласыз.

Шайлоочу: "Президенттикке талапкердин командасы" деген эмне?

Эксперт: Ар бир талапкер өзүнүн штабын уюштурат, анда ишенимдүү адамдар, ошондой эле 50дөн ашпаган ыйгарым укуктуу өкүлдөр болот, мындан тышкары талапкерлердин үгүт бригадалары иштейт, ал эми добуш берүү күнүндө алардын ар биринен байкоочулар да болот. Бардык ушул топтор талапкердин командасын түзөт, ал өлкөнүн Президенттигине өз талапкеринин пайдасына шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзөт.

Сиздин көңүлүңүздү бургубуз келген айрым үчүр – бул талапкерлердин жана алардын ишенимдүү адамдарынын жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара мамилелери.

Жалпыга маалымдоо каражаттары: телекөрсөтүү, радио, газеталар, журналдар жана башкалар — эчактан эле аларга ээлик кылгандардын көз караштарына жана таламдарына ылайык келген нерсеге адамдарды ынандыруунун кубаттуу куралы болуп калган. Ошондуктан өзгөчө шайлоо алдындагы мезгилде жалпыга маалымдоо каражаттарына саясий структуралар өзгөчө көңүл бурат.

Мыйзамга ылайык мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү талапкерлердин шайлоо алдындагы сөздөрү үчүн теңдеш өлчөмдө акысыз эфир убактысын берет.

Шайлоочу: Шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү үчүн көп каражат керек. Алар кайдан алынат?

Аны кайдан алуу керек?



Эксперт: Чындыгында эле шайлоо өтө кымбат турган иш. Ал натыйжалуу жүрүшү үчүн аны финансылоо керек. Бул үчүн республиканын Президенттигине ар бир талапкер өзүнүн шайлоо алдындагы өнөктүгүн финансылоо үчүн өзүнүн шайлоо фондун түзөт. Талапкердин фонду талапкердин өз каражаттарынан жана аны көрсөткөн партия, шайлоо блогу талапкерге бөлгөн каражаттардан, ошондой эле адамдар менен юридикалык жактардын ыктыярдуу берген каражаттарынан түзүлөт.

Эми добуш берүү жол-жобосуна тагыраак токтололук

Бул күнгө чейин Сиз талапкерлердин тизмеси менен кунт коюп таанышып чыккансыз, шайлоо алдындагы чогулуштарга баргансыз, өзүңүз шайлоочулардын тизмесине киргениңизди текшерүү үчүн шайлоо участкасына баргансыз, добуш берүү күнү Сизге керек боло турган шайлоо документтеринин тизмеси менен күн мурунтан таанышкансыз.

Эң маанилүүсү: шайлоо бюллетенин алганга чейин Сиз бирөөнү тандадыңыз. Сиз ким үчүн добуш бере тургандыгыңызды, кимге добуш бербей тургандыгыңызды жакшы билип келдиңиз.

Эксперт: Шайлоо участкасында шайлоо күнү жергиликтүү убакыт боюнча эртең мененки саат 7де участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы ошол жердеги шайлоочулар менен байкоочуларга бош шайлоо кутуларын көрсөтүшү менен башталат, андан соң алар мөөр басылып чапталат. Андан кийин так эрежелерди сактоо менен кутуларга мөөнөтүнөн мурда добуш бергендердин бюллетендери салынат. Андан соң добуш берүү башталат.

Сиз шайлоочу катары шайлоо участкасына баратып жаныңызга паспортту же аны алмаштырган документти алышыңыз зарыл. Ансыз Сизге шайлоо бюллетени берилбейт.

Сиздин ким экениңизди тастыктаган документ

- Паспорт;
- Айдоочунун күбөлүгү;
- Офицердин күбөлүгү;
- Пенсиялык күбөлүк;
- Моряктын паспорту;
- Мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчысынын аскердик билети;
- Ички иштер органдары берген белгиленген формадагы справка.

Шайлоочу: Мен добуш берүү үчүн залга кирдим дейли. Андан ары эмне кылыш керек?

Добуш берүүнүн бүткүл процесси төмөнкүдөй ырааттуу иш-аракеттерден турат:



33

Эксперт: Сиз өз фамилияңыздын баш тамгасы жазылган табличка турган жердеп участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн столуна барасыз. Башкача вариан болушу да мүмкүн, мындай учурда табличкага ушул шайлоо участкасынын чек арасын кирген көчөлөрдүн аталыштары жана үйлөрдүн номерлери жазылат. Тигиндей жан мындай варианттар болгондо да, Сиз шайлоочулардын тизмесинен өз фамилияңызд оной эле табасыз. Бул жерден Сизге шайлоо бюллетенин берет. Шайлоочулардын тизмесине Сиздин фамилияңыздын тушуна Сиздин паспортунуздун же аны алмаштырга документиңиздин сериясы менен номери коюлганына ынаныңыз. Андан соң тиешелү графага өз колунузду коюңуз.
Шайлоо бюллетенин алгандан кийин төмөнкүдөй эки маанилүү учурга көңүл буруңуз:

1. Ар бир адам жеке өзү добуш берет.

2. Бюллетенди туура толтуруңуз

Бюллетень жашыруун добуш берүү үчүн кабинада толтурулат. Карандаш менен белг коюуга жол берилбейт. Андан соң кабинадан чыгасыз да, бюллетенди добуш берүү үчү кутуга саласыз. Ушуну менен шайлоочу катары Сиз үчүн добуш берүү процесси аяктайт

ЭГЕРДЕ бул күнү Сиз кандайдыр—бир себептер боюнча добуш берүүгө кел албасаңыз, Сиз муну мөөнөтүнөн мурда райондук (шаардык) шайлоо комиссиясына добуш берүү күнүнө чейин күн мурунтан (9 —1 күн мурда) келүү менен жасай аласыз

ЭГЕРДЕ жашаган жерде эмес, башка шайлоо участкасынын аймагында жүрсөңүз Сиз ошол жерде добуш бере аласыз, бирок бул үчүн (шайлоо күнүнө чейин 15—1 күн мурда) Сиз шайлоочулардын тизмесине киргизилген участкалык шайлоо комиссиясынан тизмеден чыгуу күбөлүгүн алышыңыз зарыл.

ЭГЕРДЕ Сиз ооруп калсаңыз жана шайлоо участкасына келе албасаңыз, анда Сиз күн мурунтан, бирок добуш берүү күнүндө саат 14.00дөн кечикпестен участкалык шайлоо комиссиясына билдире аласыз жана Сизге көчмө добуш берүү кутусу менен келишет.

Эгерде добуш берүү процессин мыйзам боюнча так жүргүзсө, ал иш—аракеттердин кыйла татаал жыйындысын билдирет, ал так жана туура сакталууга тийиш. Ошондуктан добуш берүү күнүндө ар бир шайлоо участкасында байкоочулар болот, алардын милдети шайлоочулар менен комиссия мүчөлөрүнүн иш—аракеттери канчалык өлчөмдө мыйзамга ылайык келе тургандыгына контролдук кылуу.

34

Шайлоонун жыйынтыктары

Жыйынтыктарды чыгаруу — өтө маанилүү жана жоопту этап. Добуштарды эсептөө ачык жана маалымдуу жүргүзүлөт. Бардык участкалык шайлоо комиссиялары талапкерлердин өкүлдөрүнүн, ошондой эле байкоочулардын катышуусу менен добуш берүү кутуларын ачат жана шайлоочулар ар бир талапкерди жактап, же бардык талапкерлерге каршы берген добуштарын эсептейт. Эсептегенден жана тиешелүү протокол толтурулгандан кийин, участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктарын жогору турган комиссияга берет, ал жерде суммасы чыгарылат жана Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Шайлоонун натыйжаларын жарыялоо. Добуш берүүнүн жыйынтыктары чыгарылгандан кийин Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо болгондугун же жоктугун жана аны мыйзамдарга ылайык аныктап деп табууга боло тургандыгын аныктайт.

Шайлоого Конституцияда жана Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодексте аныкталган жетиштүү сандагы шайлоочулар катышкан жана добуш берген учурда ал болду деп табылат. Шайлоону өткөрүүдө жарандардын шайлоо укуктары бузулушуна жол берилсе же шайлоочулардын эрк билдирүүсүн бурмалоонун көп сандаган фактылары белгиленсе, ал шайлоо жараксыз деп табылышы мүмкүн. Шайлоонун натыйжалары жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жарыяланат.

Шайлоочу: Дагы бир нече тактаган суроолор. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо болду деп табылышы үчүн ага канча шайлоочу катышууга тийиш?

Эксперт: Республиканын бардык шайлоочуларынын элүү процентинен ашыгы катышса шайлоо өттү деп эсептелет.

Шайлоочу: Кайсы талапкер шайланды деп эсептелет?

Эксперт: Добуш берүүнүн 1-турунда шайлоого катышкан бардык шайлоочулардын добуштарынын жарымынан ашыгына ээ болгон Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат орунуна талапкер шайланды деп эсептелет.

Дагы бир олуттуу тактоо. Эгерде шайлоо бюллетенине өлкөнүн Президентинин кызмат орунуна экиден ашык талапкер киргизилсе жана алардын бири да шайланбаса, Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын кыйла көп сандагы добушун топтогон эки талапкердин ортосунда Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо боюнча кайталап добуш берүүнү дайындайт. Ал шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып эки жумалык мөөнөттөн кечикпестен өткөрүлөт.

Добуш берүүнүн 2—турунун жыйынтыктары боюнча, эгерде ага тизмеге киргизилген шайлоочулардын кеминде элүү проценти катышса, добуштардын жарымынан көбүн топтогон талапкер шайланды деп эсептелет.

Шайлоо жөнүндө Кодексте каралган учурларда кайталап шайлоо (добуш берүү менен чаташтырбаңыз!) жүргүзүлүшү мүмкүн.



35

Добуш берүүнүн жыйынтыктары чыгарылгандан кийин шайлоонун натыйжалары ал аяктаган соң 7 күндөн кечикпестен Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан ырасталат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун төрайымы добуш берүүнүн натыйжаларын жарыялагандан кийин 30 күндүн ичинде Президент Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын жана Эл өкүлдөр жыйынынын депутаттарынын биргелешкен жыйынында Кыргызстандын калкына ант берет.

Шайлоого эмне үчүн катышуу керек?

Шайлоого катышуу укугу — бул, биз айтып өткөндөй, өлкөбүздү башкарган адамды тандоого Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын конституциялык укугу. Эгерде Сиз өзүңүз тандабасаңыз, анда башкалар өз укугунан пайдаланып, өз тандоосун аткарат. Алардын тандаганы Сизге жакпай калышы мүмкүн, бирок аны өзгөртүүгө кеч болуп калат жана Сиз өзүңүз катышпастан бийликке келген адамдар жүргүзө турган саясатка макул болууга, кыйыр болсо да ага катышууга, ага ыкташууга туура келет. Бул болсо, ишенип коюңуз, анча жагымдуу эмес. Бул чоң апаң жактырган, модадан чыккан кийимди кийгенден же чоң атаң жакшы көргөн кечээки боткону ичкенден алда канча жаман.

Бул проблеманын башка тарабы да бар. Эгерде добуш берүү участкасына шайлоочулар келбей калышынан улам шайлоо болбой калды деп табылса, кайталап шайлоону өткөрүүгө туура келет, бул болсо мамлекеттин көп акча чыгымдашына алып келет, а бул каражаттар Силердин стипендияны, ата—энеңердин эмгек акысын, чоң ата, чоң эненердин пенсиясын, балдардын пособиесин төлөөгө жумшалар эле.

Ошондуктан шайлоого катышуу өтө керек жана зарыл!

Биз эртеңки күндө кандай жашаарыбыз Сиздин добушка да байланыштуу. Биздин республиканын Президентин шайлоого Сиздин эң активдүү катышуунузду каалар элек. **Биринчи жолу добуш берүү менен, Сиз да өлкө демократиялык өнүгүүдө алга илгерилешине жардам бере аласыз.**

36

Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын алдындагы Шайлоо технологияларынын борбору (ШТБ)
(Мамлекеттик лицензия № 13132-3301-Уе 2000-жылдын 31-майы)

ШТБ Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын өркүндөтүү боюнча мамлекеттик программаны ишке ашыруу жагынан ишти координациялоо жана камсыз кылуу, шайлоочулардын – Кыргыз Республикасынын жарандарынын, ошондой эле шайлоо процессин уюштуруучулардын жана Кыргыз Республикасынын коомдук бирикмелеринин өкүлдөрүнүн укуктук маданиятын жогорулатуу жана жигерин камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан 2000-жылдын 4-майындагы № 310 токтомуна ылайык түзүлгөн.

ШТБнын ишинин негизги багыттары:

- шайлоо процессинин бардык катышуучуларынын укуктук маданиятын жогорулатуу Программасын турмушка ашыруу;
- шайлоо блокторунун, саясий партиялардын жана коомдук бирикмелердин лидерлерин, мамлекеттик жана коммерциялык уюмдардын кызматкерлерин саясий маркетингдин негиздерине окутуу;
- шайлоо процессин уюштуруучулардын жана катышуучуларынын квалификациясын жогорулатуу;
- шайлоо өнөктүктөрүн рекламалоо боюнча консультациялар;
- методикалык маалыматтык, аналитикалык, статистикалык жана болжолдук материалдарды даярдоо;
- шайлоо өнөктүгүн уюштуруу жана өткөрүү боюнча юридикалык, уюштуруучулук жана башка түрдөгү кызматтарды көрсөтүү;
- шайлоо тематикасы боюнча басма иши;
- шайлоо өнөктүгүн уюштуруунун жана Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын реформалоонун ар кандай маселелери боюнча семинарларды, конференцияларды, "тегерек столдорду" жана башка иш-чараларды уюштуруу;
- Кыргыз Республикасында шайлоону уюштуруу темасында тематикалык радио- жана телеберүүлөрдү, окуу, документалдык жана илимий-популярдык кинофильмдерди, видеопрограммаларды, башка видео-киноматериалдарды даярдоо.

ШТБ төмөнкүдөй тематика боюнча окутууну уюштурат:
Талапкер жана анын командасы, шайлоо өнөктүгүн пландаштыруу, шайлоону финансылоо, шайлоо алдындагы үгүттүү жүргүзүү тартиби, шайлоо фонддорун түзүү жана алардын каражаттарын чыгымдоо тартиби, шайлоонун жүрүшүнө контролдук кылуу, шайлоо укуктарын бузууларга даттануу жана шайлоо талаш-тартыштарын чечүү жана башкалар.

Окутуунун жогорку сапаты окуу-консультативдик сабактарды шайлоо өнөктүгүн даярдоо жана өткөрүү жагынан зор тажрыйбасы бар Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана аппаратынын кызматкерлери, шайлоо укугу жагынан адистер өткөрө тургандыгы менен камсыз кылынат.

Талапкерлердин, саясий жана коомдук бирикмелердин арыздары боюна максаттуу курстарды даярдоо жана өткөрүү Кыргыз Республикасынын ар кандай региондорунда жүргүзүлөт.

Маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылуу керек:

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү,
126-бөлмө. Тел. 22-65-69,
22-24-33

37

Шайлоо процессинин бардык катышуучуларынын эсине!

"Президентти шайлоо аркылуу өз өлкөндүн келечегин тандайсың?" методика пособиесин сатып алуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Борбор шайлоо комиссиясынын алдындагы **Шайлоо технологияларынын борбор** кайрылууну өтүнөбүз

телефондор: 22—65—69, 22—24—33
факс: 66—58—60

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоого карата төмөнкүдөй басылмалар да сунуш кылынат:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат орунуна талапкер үчүн эскертме
- "Байкоочулар үчүн эскертме";
- "Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат орунуна талапкердин экономикалык портфели";
- "Талапкерлер үчүн эскертме";
- Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо боюнча райондук (шаард шайлоо комиссиясынын справочниги;
- "Участкалык шайлоо комиссиялары үчүн колдонмо".

31

IFES

As one of the world's premier democracy and governance assistance organizations, IFES provides needs-based, targeted, technical assistance designed and implemented through effective partnerships with donors and beneficiaries. Founded in 1987 as a nonpartisan, nonprofit organization, IFES has provided integrated, collaborative solutions in the areas of democratic institution building and participatory governance in more than 120 countries worldwide. IFES' Washington headquarters houses eighty-five employees specializing regionally in Africa, the Americas, Asia, the Middle East, and Europe, as well as functionally in rule of law, civil society, good governance, election administration, applied research, gender issues, public information technology solutions, and more. IFES' staff offers vast country-specific experience and facility in more than 30 languages. IFES employs an additional 120 people in twenty-five field locations.